*DOI:10.26104/NNTIK.2022.63.26.058*

*Сияев Т.М., Алинбекова С.Ш., Батырова Ы.М., Кожогелдиев А.А.*

# ПЕДАГОГДУН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТООНУН БАГЫТТАРЫ

*Сияев Т.М., Алинбекова С.Ш., Батырова Ы.М., Кожогелдиев А.А.*

# НАПРАВЛЕНИЯ В ФОРМИРОВАНИИ КОМПЕТЕНЦИЙ ПЕДАГОГА

*T. Siyaev, S. Alinbekova, Y. Batyrova, A. Kojogeldiev*

# DIRECTIONS IN THE FORMATION OF TEACHER COMPETENCIES

*УДК: 37.013.77*

*Бүткүл дүйнөлүк глобализациялоонун алкагында, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасы тынымсыз жана үзгүлтүксүз өзгөрүп турат. Белгилүү болгондой, жалпы билим берүүнүн, анын ичинде жогорку билим берүүнүн өзгөрүү багыттары, жогорку окуу жайларынын укуктук-нормативдик чен өлчөмдөрү, жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүсүнүнө алдын-ала коюлган талаптар негизинен алган мамлекеттик билим стандартында аныкталат. Эмгекте өлкөбүздө жаңы кабыл алынган жогорку педагогикалык билим берүүнүн мамлекеттик стандарты менен мурунку стандарт салыштырылат. Болочоктогу педагогдордун кесиптик компетенциялары ар тараптан анализделинет. Өзгөчө педагогдун компьютердик технологиялар боюнча инструменталдык компетенцияларын калыптоонун теориялык жана практикалык аспектилери каралат. Тактап айтканда, болочоктогу педагогдун мектепте окуу процессин жүргүзүүдө зарыл болгон компьютердик технологиялардын процессуалдык-программалык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу боюнча атайын методикалык көрсөтмөлөрдүн маңызы жана мазмуну берилет.*

***Негизги сөздөр**: мамлекеттик билим стандартты, жогорку билим, педагогдун компетенциялары, инструменталдык компетенциялар, компьютердик технологиялар.*

*В условиях мировой глобализации система высшего образования Кыргызской Республики постоянно и непрерывно меняется. Как известно, в принятом государственном стандарте образования в основном определены направления в изменении общего образования, в том числе высшего, нормативно-правовая база высшего учебного заведения, требования к выпускникам высшего учебного заведения. В данной статье сравнивается новый государственный стандарт высшего педагогического образования с предыдущим стандартом. Профессиональные компетенции будущих учителей анализируются со всех сторон. Рассмотрены теоретические и практические аспекты формирования инструментальных компетенций учителя по компьютерным технологиям. В частности, приведены сущность и содержание специальных методических указаний по использованию процессуальных и программных возможностей компьютерных технологий, необходимых для ведения образовательного процесса будущего учителя в школе.*

***Ключевые слова:** государственный образовательный стандарт, высшее образование, педагогические компетенции, инструментальные компетенции, компьютерные технологии.*

*The system of higher education of the Kyrgyz Republic is constantly and continuously changing in the framework of world globalization. As it is known, directions of change of general education, including higher education, legal-normative dimensions of higher educational institutions, pre-requisites for a graduate of higher educational institutions are mainly defined in the received state education standard. In the work, the newly adopted state standard of higher pedagogical education in our country is compared with the previous standard. The professional competences of future teachers are analyzed from all sides. The theoretical and practical aspects of the formation of instrumental competencies of the teacher on computer technologies are considered. In particular, the essence and content of special methodical instructions on the use of procedural and software capabilities of computer technologies necessary for conducting the educational process of the future teacher at school are presented.*

***Key words**: state education standard, higher education, teacher competencies, instrumental competencies, computer technologies.*

Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн кескин түрдө өзгөрүүсү 2011-жылы жарыяланган расмий документтер менен аныкталат [1]. Мурунку беш жылдык жогорку билимдүү беш жылдык мөөнөттөгү даярдоо системасы эки баскычтуу, тактап айтканда бакалавриат менен магистратурага айланды. Натыйжада, жогорку кесиптик билим берүү процессинде төмөндөгүдөй өзгөрүүлөргө багыт берилген:

- концентрдик окуу системасынан түз сызыктуу окуу системасына өтүү;
- инсанга багытталган окуу мамилесин компетенттүүлүккө багыттоо;
- күтүлгөн жыйынтыктардын негизинде калыптана турган билим, билгичтик жана көндүмдөн так жана аныкталган компетенциялар менен компетенттүүлүктү калыптоого;
- беш балл менен баалоодон көп баллдык баалоого өтүү;
- кадимки интегралдык баалоодон формативдик жана суммалык баалоого багы алуу;
- кадимки окуу технологиясынан кредиттик окуу технологиясына өтүү жана башка.

Мамлекебиздеги жогорку кесиптик билим берүүнүн нормативдик-укуктун ченемдердин өзгөрүүсү окумуштуу педагогдордун чыныгы кызыгуусун пайда кылуу менен ар тараптуу изилдөөлөрдү пайда кылды. Акыркы жылдардагы пеагогика илими боюнча жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөлөрдүн дээрлик басымдуулугу жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы концепцияларын иштеп чыгууга, ар бир чөйрө-

гө тиешелүү бакалавриаттын өзгөчөлүгүнө, келечектеги педагогдордун компетенциялары жана компетенттүүлүгүнө жана ошондой эле практикалык аспектилерге арналган. Алсак, Н.К. Дүйшееванын доктордук диссертациялык изилдөөсү келечектеги мугалимдин кесиптик жана инсандык компетенцияларын калыптоого [2], А.К. Наркозуевдин доктордук диссертациялык иши кредиттик технологиялардын негизинде билим берүү программаларын иштеп чыгууда компетенттүүлүккө негизделген мамилени киргизүүгө [3], А.С. Райымкулованын изилдөөсү окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн болочоктогу мугалимдердин кесиптик компетенцияларын калыптоого [4], А.К. Чалданбаеванын диссертациялык иши педагогикалык окуу жайларда биология мугалимдеринин атайын компетенцияларын калыптоого [5], А.Ж. Ажибаеванын доктордук диссертациясы башталгыч мектептин мугалиминин даярдоо сапатын башкаруунун теориясы жана практикасына [6], ал эми М.А. Мураталиеванын доктордук диссертациялык эмгеги болочоктогу тарых мугалимдеринин жалпы кесиптик компетенцияларын калыптоонун илимий-педагогикалык негиздерине [7] арналган.

Белгилүү болгондой, билим берүүнүн максаттары, бүтүрүүчүлөргө жана окуу жайларга коюлган талаптар, окуу процессинин маңызы жана мазмуну, окуу процессинин негизги көрсөткүчтөрү Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатындагы аныктаган тартиптерди, башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан даярдалат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте билим берүү тармагында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет. Жогорку кесиптик билим берүүнүн **550700 Педагогика** багыты боюнча мамлекеттик билим стандартты биринчи жолу 2015-жылы бекитилген жана 2020-жылы кайрадан толукталып бекитилди.

Мурунку стандартта терминдерди бекитүүдө компетенцияны жана компетенттүүлүктү ар бирин бир эле түшүнүк аркылуу берсе жаңы стандартта компетенттүүлүктү үч категория менен берген. Тактап айтканда, компетенттүүлүк төмөнкү үч аспектиде берилет:

**- жалпы илимий компетенттүүлүктөр** – бул кесиптик иштин бардык түрлөрүнө (же көпчүлүгүнө) мүнөздүү мүнөздөмөлөр: үйрөнүү, анализдөө жана синтездөө ж.б.у.с.;

**- инструменталдык компетенттүүлүктөр** – таанып-билүү жөндөмдөрүн, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана колдонуу жөндөмүн камтыйт; методикалык жөндөмдүүлүктөр, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, билим алуу, чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү стратегияларын түзүү; технологиялык көндүмдөр, технологияларды колдонууга байланыштуу көндүмдөр, компьютерде иштөө жана маалыматты башкаруу көндүмдөрү; тилдик көндүмдөр, коммуникативдик компетенциялар;

**- социалдык-жеке жана жалпы маданий компетенттүүлүктөр** – сезимдерди жана мамилелерди билдирүү жөндөмү, сынчыл ой жүгүртүү жана өзүн-өзү сындоо жөндөмү, ошондой эле социалдык өз ара аракеттенүү жана кызматташуу процесстерине байланыштуу социалдык көндүмдөр, иштөө жөндөмдүүлүгү менен байланышкан жеке жөндөмдөр социалдык жана этикалык милдеттенмелерди алуу;

Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы стандарттында үчүнчү бөлүмүндөгү даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздөмөлөрүндө тактоолор жана толуктоолор киргизилген. Биринчиден, орто кесиптик билим берүүнүн негизинде окуу программасынын күндүзгү окуу формасында бакалаврларды даярдоонун мөөнөтү тездетилген программанын алкагында **3 жылдан кем эмес** болоору так белгиленген. Экинчиден, жаңы стандартта педагогикалык процесстин максаттары кеңейтилген редакция берилген, тактап айтканда окутуу жамаатында - «тандап алган ишкердиктин чөйрөсүндө ийгиликтүү иштеген, эмгек рыногунда социалдык ыкчамдыкка жана туруктуулукка түрткү берүүчү универсалдык жана адистик компетенцияларга ээ болгон, профилдүү кесиптик жогорку билимге (бакалардын деңгээлинде) эгедер, педагогикалык билим берүү алкагында профессионалдык маселелерди чече алган педагогду даярдоо» - деп көрсөтүлсө, тарбиялоо жааматында – «үзгүлтүксүз билим берүү жана өз алдынча билим алуу алкагында студенттердин максатка умтулуусун, уюшкандыктуулугун, эмгекке болгон сүйүүсүн, жоопкерчилигин, жарандык сапаттарын, коммуникативдүүлүгүн, толеранттыгын, жалпы маданиятынын жогорулатышын ж.б. ичине камтыган социалдык-жарандык сапаттарын өнүктүрүү болуп эсептелет» - деген туюнтмада берилген.

Мамлекеттик кесиптик билим берүүнүн жаңы стандартында төртүнчү бөлүмдөгү билим берүү программасын ишке ашыруу шарттарына коюлган жалпы талаптарда окуу жайлар негизги билим берүүнүн программасын өз алдынча иштеп чыга тургандыгы жана жогорку окуу жайдын **окумуштуулар кеңеши тарабынан** бекитилээри анык көрсөтүлгөн. Мындан сырткары, эгерде мурда илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, окуу жайда билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу үчүн окуу программаларын **ар бири жылы** жаңылап турууга милдеттүү болсо, азыр болсо эң жок дегенде **беш жылда бир жолу** жаңылап турууга милдеттүү болушту жана компетенцияларды көрсөткүчтөрү өзгөрүүгө учурады.

*1-таблица*

**Компетенциялардын көрсөткүчтөрү**

<table>
<tr><th colspan="2">Мурунку стандарт</th><th colspan="2">Жаңы стандарт</th></tr>
<tr><td colspan="4">Универсалдык компетенциялар</td></tr>
<tr><td>Жалпы илимий (ЖИК)</td><td>6</td><td>Жалпы илимий (ЖИК)</td><td>6</td></tr>
<tr><td>Инструменталдык (ИК):</td><td>6</td><td>Инструменталдык (ИК):</td><td>6</td></tr>
<tr><td>Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенция (СИЖМК):</td><td>5</td><td>Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенция (СИЖМК):</td><td>5</td></tr>
<tr><td colspan="4">Кесиптик компетенциялар</td></tr>
<tr><td colspan="2" rowspan="2">45</td><td colspan="2">18</td></tr>
<tr><td colspan="2">Ар бир окуу жайы өз алдынча беш кесиптик компетенцияларды бекитет</td></tr>
<tr><td colspan="4">Баардыгы</td></tr>
<tr><td colspan="2">62</td><td colspan="2">40</td></tr>
</table>

Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү багытындагы реформанын өзөгүн негизги билим берүү программасынын ийкемдүүлүккө багытталышы жана жогорку окуу жайларына аныкталган «эркиндиктин» берилиши. Себеби, жогорку кесиптик билим берүүдөгү мамлекеттик стандартта ар бир окуу жайынын окуу-методикалык бирикмесинин (ОМБ) функционалдык мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу жогорку окуу жайга негизги билим берүүнүн программасын иштеп чыгууда көз карансыздык берилген.

*2-таблица*

**Негизги билим берүү программасынын түзүмү**

<table>
<tr><th colspan="2">Бөлүмдөр</th><th>Кредиттердин көлөмү</th></tr>
<tr><td>Блок 1</td><td>Дисциплиналар</td><td>165-210</td></tr>
<tr><td></td><td>I. Гуманитардык, социалдык жана экономикалык мерчем<br>II. Математикалык жана табигый илимдер мерчем<br>III. Кесиптик мерчем</td><td>20-35 көлөмү ОМБ тарабынан аныкталат<br>15-20 көлөмү ОМБ тарабынан аныкталат<br>140-160 көлөмү ОМБ тарабынан аныкталат</td></tr>
<tr><td>Блок 2</td><td>Практика</td><td>15-25</td></tr>
<tr><td>Блок 2</td><td>Мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы</td><td>10-15</td></tr>
<tr><td colspan="2">Баардыгы</td><td>240</td></tr>
</table>

Бирок, учурдун талабына ылайык педагогикалык профессордук окутуучулардын сапаттык көрсөткүчтөрүн кескин түрдө жогорулаткан. Эгерде, мурунку стандатта окутуулардын курамындагы илимдин кандидаты же доктору деген илимий даражага ээ болгон окутуучулардын үлүшү негизги билим берүү программасы боюнча билим берүү процессин камсыздоочу окутуучулардын жалпы катышынын **35%** кем болбосо деп белгиленсе, анда азыр жаңы стандартта ал көрсөткүч **60%** кем болбоого тийиш. Анын үстүнө, мурдагы стандартта аныкталган шарттарда окумуштуулук даражасы жана/же наамы бар окутуучулардын жалпы санынын **15%**га жакынын акыркы 10 жылдан ашык мезгилде тиешелүү багыт боюнча тажрыйбаларга ээ болгон, алдыңкы жетекчи кызматтарда иштеген адистер алмаштыра алса, жаңы стандартта мындан мүмкүнчүлүк **10%** менен гана чектелген.

Демек, Кыргызстандагы жогорку окуу жайлары эки баскычтык системаны ишке ашыруу аныкталган жаңы мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу менен бирге бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик компетенцияларын толук калыптоо үчүн профессионалдык, окуу-методикалык жана технологиялык көрсөткүчтөрүн жогорулатууга багыт алышты.

**Адабияттар:**

1. Сборник нормативных документов по применению Кредитной Системы в КР. - Бишкек, 2016. - 32 с.
2. Дюшеева Н.К. Психолого-педагогические основы профессионально-личностного формирования будущего учителя в вузе. Дисс. … д.пед.н.: 13.00.01. - Бишкек, 2009. - 264 с.
3. Наркозиев А.К. Теоретические основы компетентностного подхода при проектировании образовательных программ по кредитной технологии: Автореф. дисс. … д.пед.н.. - Бишкек, 2011. - 42с.
4. Раимкулов А.С. Научно-педагогические основы формирования профессиональных компетенций будущего учителя по активизации познавательной деятельности школьников: Автореферат дисс. … д.пед.н. - Бишкек, 2012. - 36с.
5. Чалданбаева А. Теоретические основы формирования специальных компетенций учителей биологии в педагогическом вузе. Дисс. … д.пед.н. - Бишкек, 2016. - 342 с.
6. Ажибаева А. Ж. Теория и практика управления качеством подготовкиучителей начальной школы. Дисс… д.пед.н. - Бишкек, 2019. - 129 с.
7. Мураталиева М.А. Научно-педагогические основы формирования общепрофессиональных компетенций будущих учителей истории. / Дисс. д.пед.н. - Бишкек, 2022. - 197 с.
8. Омурова А.А., Назарова Г.С. Основные условия формирования компетентности учителя. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2022. №. 1. С. 195-198.